Министерство экономики и коммерции Кыргызской Республики

Софинансирование Европейского Союза

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation

германия кызматташтыгы
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

Исполнитель:
giz Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH

# «Жашыл экономика жана жеке секторду туруктуу өнүктүрүү» программасы

# Социалдык жүрүм-турумду өзгөртүү боюнча потенциалдуу өнөктөш мекемелер үчүн өтүнмө

**Бишкек, февраль 2024-ж.**

# Мазмуну

ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ ........ 3

СОЦИАЛДЫК ЖҮРҮМ-ТУРУМДУ ӨЗГӨРТҮҮНҮН МААНИЛҮҮЛҮГҮ ЖАНА ӨНӨКТӨШТҮКТҮН МАКСАТТАРЫ ........ 3

ТЕМАТИКАЛЫК БАГЫТТАР ........ 4

ЫКМАЛАР ........ 4

КҮТҮЛҮҮЧҮ САЛЫМДАР ЖАНА НАТЫЙЖАЛАР ........ 5

КИМДЕР ӨТҮНМӨ БЕРЕ АЛАТ? ........ 6

ӨТҮНМӨ ........ 6

ТАНДОО КРИТЕРИЙЛЕРИ ........ 8

# ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

«Жашыл экономика жана жеке секторду туруктуу өнүктүрүү » программасы Кыргызстан элинин бакубаттуулугун жогорулатууга чакырык жасоо менен инклюзивдик жашыл экономикага өтүүнү чыңдоого багытталган. Биздин өнөктөштөр менен, анын ичинде программаны ишке ашыруу боюнча негизги саясий өнөктөш катары Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги (ЭСМ), жана башка мамлекеттик органдар, бизнес-ассоциациялар, микро, чакан жана орто ишканалар (МЧОИ), БӨУлар, жеке адамдар, билим берүү жана медиа мекемелери менен биргеликте, биз өнүктүрүү максатында «жашыл» экономика принциптерин илгерилетүүнү колдойбуз. Бул принциптер бир эле учурда экологиялык тобокелдиктерди азайтуу менен, калктын бакубаттуулугун жогорулатууга жана социалдык адилеттүүлүктү камсыз кылууга багытталган. Мындай ыкма жаратылыш капиталын сактоону жана дайыма көбөйтүүнү, ресурстарды натыйжалуу пайдаланууну жана өлкөнүн жаратылыш экосистемаларын сактоону караштырат.

Бул максатка жетүү үчүн Программа өзүнүн ишмердигин төмөнкү үч стратегиялык багыттарда жүргүзөт:

1. «Жашыл» экономиканы моделдөө, «жашыл» каржылоону киргизүү жана «Жашыл» экономика программасы сыяктуу иш менен камсыз кылууга багытталган «жашыл» экономиканын илимге негизделген саясатын бекемдөө.

2. «Жашыл» экономиканын экономикалык, социалдык жана экологиялык жактан пайдалуу ыкмаларын колдонууда микро, чакан жана орто ишканаларга колдоо көрсөтүү. Бул колдоолор туруктуу туризмди жана айыл чарбасындагы өндүрүштүн системаларын – жашылча жана мөмө-жемиштерди, күрүчтү жана дан эгиндерин өнүктүрүүгө багытталган. 2023-жылы энергиянын натыйжалуу технологиялары катары жылуулук насосторун киргизүүгө өбөлгө түзүүчү жаңы ыкма киргизилет.

3. Артыкчылыктуу тандалган максаттуу топтордун арасында кыйла экологиялык жашоо образын жана экологиялык жүрүм турумун, «жашыл» продуктыларды жана кызматтарды илгерилетүү максатында социалдык жана жүрүм турумдагы өзгөртүүлөр (CSBC) үчүн коммуникациялар жаатында Кыргызстандын «жашыл» экономикасында ассоциациялардын, мамлекеттик органдардын, бейөкмөт уюмдардын, университеттердин жана ЖМКлардын потенциалын жогорулатуу.

***«Кыргыз Республикасында жашыл экономика жана жеке сектордун туруктуу өнүгүү» программасы Германиянын Экономикалык Кызматташтык жана Өнүктүрүү Федералдык Министрлиги (BMZ), Европа Биримдиги жана Швейцария Өкмөтүнүн 2023-жылдын июнунан тартып 2026-жылдын май айына чейин биргелешип көрсөткөн каржылык колдоосу аркылуу, Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH тарабынан ишке ашырылууда.***

# СОЦИАЛДЫК ЖҮРҮМ-ТУРУМДУ ӨЗГӨРТҮҮНҮН МААНИЛҮҮЛҮГҮ ЖАНА ӨНӨКТӨШТҮКТҮН МАКСАТТАРЫ

Социалдык жүрүм-турумду өзгөртүү үчүн коммуникациялар (CSBC) - бул билимдердин, мамилелердин, ченемдердин, ишенимдердин жана жүрүм-турумдун позитивдүү өзгөрүүлөрүнө көмөк көрсөтүү үчүн коммуникация куралдарын жана ыкмаларын стратегиялык колдонууну камтыган процесс. Ар кандай байланыш каналдары боюнча билдирүүлөрдү жана иш-аракеттерди туура координациялоо коомдун көптөгөн деңгээлдерин камтыйт, анын ичинде жеке деңгээл, жамааттар, тейлөө чөйрөсү жана саясат. CSBC конкреттүү жүрүм-турумга багытталган коммуникация стратегияларын иштеп чыгууну жана ишке ашырууну камтыйт жана адамдарды көбүрөөк позитивдүү жүрүм-турумга түрткү

берүүгө багытталган. Кошумча маалыматты, атап айтканда, ЮНИСЕФтин атайын веб-сайтынан бул жерден тапса болот (2024-ж. ЮНИСЕФ).

Программанын 3-багыты «жашыл» экономикага байланыштуу социалдык жүрүм-турумду өзгөртүү боюнча кампанияларды өткөрүүдө өнөктөш институттарга колдоо көрсөтүүгө багытталган. Программа Кыргыз Республикасынын «жашыл» экономикага өтүү аракеттерине жардам бере турган социалдык жүрүм-турумду өзгөртүү боюнча жалпы улуттук кампанияларды өткөрүүнү каалаган жана жөндөмдүү деп тандалган мекемелерге кызмат көрсөтүүлөрдү жана/же финансылык колдоо көрсөтөт.

## ТЕМАТИКАЛЫК БАГЫТТАР

Программа жана CSBC боюнча багыты «жашыл» экономикага багытталган. «Жашыл» экономика – бул ресурстарга адамдардын жоопкерчиликтүү мамилесин болжолдогон экономикалык өнүгүүнүн модели. Ал экономикалык өсүш менен жаратылыш ресурстарын сактоонун ортосунда акылга сыярлык мунасаны табууга арналган. Өнүгүүнүн туруктуулугу дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн, анын ичинде Кыргыз Республикасынын да эң маанилүү узак мөөнөттүү максаты бойдон калууда. Бул үчүн «жашыл» экономикага өтүү зарыл. Кыргыз Республикасында «жашыл» экономиканы түшүнүү, социалдык адилеттүүлүккө жана адамдын жашоо турмушун жакшыртууга алып келүүчү ошол эле убакта айлана чөйрө үчүн тобокелдиктерди олуттуу азайтуу, жаратылыш капиталын сактоо жана көбөйтүү, ресурстарды натыйжалуу пайдалануу жана айлана-чөйрөнү коргоого жана өлкөнүн жаратылыш экосистемаларын сактоого өбөлгө түзүүчү экономика катары аныкталат. «Жашыл» экономикада кирешенин жана жумуш орундарынын өсүшү, көмүр кычкыл газын бөлүп чыгарууну жана булганууну азайтуу, «жашыл» жумуш орундарын түзүү, калктын ден соолугу жана жашоосу үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө, ошондой эле энергиянын, ресурстук жана экосистемалык кызматтардын натыйжалуулугун жогорулатууга багытталып, мамлекеттик жана жеке инвестициялар менен шартталган. Кененирээк маалыматты жашыл» экономикага арналган ЮНЕПтин атайын «веб-сайтынан тапса болот (UNEP 2024).

## ЫКМАЛАР

Программанын мандатынын алкагында CSBS багыты Кыргыз Республикасынын бардык аймагында кыйла экологиялык көндүмдөрдү күнүмдүк жашоо турмушка киргизүү боюнча айрым адамдардын жана коомчулуктун мүмкүндүктөрүн кеңейтүүгө жана түзүмдүк тоскоолдуктарды азайтууга багытталган. CSBC күнүмдүк жүрүм-турумга таасирин тийгизген чечимдердин үстүнөн элдин контролун кеңейтүү үчүн коомчулуктун пикири менен илимий билимдерди бириктирүүгө чакырат. CSBC өзүнө коммуникация, жүрүм-турум экономикасы, социология, психология жана башкалар сыяктуу ар кандай тартиптерди эске алуу менен кыйла экологиялык коомдорду түзүү боюнча жергиликтүү демилгелерди колдогон жана өзгөрүүлөрдүн кыймылдаткыч күчтөрүнө таасирин тийгизген стратегиялардын жана иш-чаралардын жыйындысын камтыйт.

Программа жана анын өнөктөштөрү мындай өзгөртүүлөрдү ишке ашыруу үчүн  8ден кем эмес мекемени тандайт. Тандалган мекемелер өздөрүнүн тажрыйбасына жараша максаттарды жана күтүлгөн натыйжаларды, жүрүм-турумду өзгөртүү боюнча иш-чаралардын планын, кампаниялар боюнча стратегияны, мөөнөттү жана бюджетти майда баратына чейин баяндоо менен концепцияны иштеп чыгууда Программанын колдоосун ала алат. Ар бир тандалган мекемеге кампанияларды өткөрүүгө **1 400 000 сомго** чейин өлчөмдө жана техникалык колдоо үчүн **1 000 000 сомго** чейин өлчөмдө колдоо көрсөтүү болжолдонууда. Бул колдоо мекеменин финансылык жана бухгалтердик мүмкүнчүлүктөрүнө жана жалпы иш-ыкмасына жараша консультациялар (Программа тарабынан түздөн-түз берилген кызматтар жана товарлар) жана/же грант же жергиликтүү субсидия түрүндө көрсөтүлөт. Колдоонун түрү катары деталдары, көлөмү жана убактысы жекече талкууланат.

Өнөктөштүк үчүн бир нече этаптар каралган:

1) **Өтүнмө.** (кененирээк маалымат алуу үчүн төмөндөгү “Өтүнмө” бөлүмүн караңыз)

2) **Тандоо.** Программа өзүнүн өнөктөштөрү менен бирге бул документте баяндалган критерийлерге ылайык талаптарга жооп берген мекемелерди тандайт. Тандоо этабында маектешүү өткөрүү жана жетишпеген документтерди толуктап берүүнү суроо пландалган.

3) **Техникалык аудит.** Программа тарабынан тартылган кесипкөй байланыш агенттиги ар бир тандалган мекемеге техникалык аудит жүргүзөт. Мындай аудиттин жүрүшүндө ар бир мекеме үчүн өзүнчө зарыл болгон колдоо аныкталат (потенциалды жогорулатуу боюнча иш-чаралардын тизмеси, жетишпеген адам ресурстарын тартуу мүмкүндүгү, зарыл болгон сатып алуулар жана финансылык муктаждыктар). Бул жол-жоболордун максаты - иш-аракеттердин жол картасын алуу жана тандалган мекемелер үчүн кандай колдоо керек экендигин жакшыраак түшүнүү.

4) **Потенциалды жогорулатуу боюнча иш-чаралар.** Мекемелер жыйынтыктарды баалоо жана мониторинг жүргүзүү үчүн контролдук көрсөткүчтөрдү белгилөө жана социалдык жүрүм-турумду белгилөө боюнча жалпы улуттук кампанияларды жүргүзүү үчүн билимдердин жана көндүмдөрдүн деңгээлин жогорулатуу максатында, Программа CSBC темасы боюнча алектенген эксперттерди тартат. Бул кадам өзүнө бир катар тиешелүү тренингдерди, жеке консультацияларды жана насаатчылыкты камтыйт.

5) **Товарларды сатып алуу.** Эгерде техникалык аудиттин жүрүшүндө ачыкталган учурда, Программа бөлүнгөн бюджетке ылайык жүрүм-турумду өзгөртүү боюнча кампанияларды өткөрүү үчүн тандалган мекемелер үчүн программалык камсыздоо же керек болгон жабдууларды сатып алууга колдоо көрсөтүшү мүмкүн.

6) **CSBC кампанияларын иштеп чыгуу.** Программа ар бир мекеме үчүн өз өзүнчө кампанияларды иштеп чыгууга колдоо үчүн CSBC темасы боюнча тиешелүү эксперттерди тартат. Аталган кадамдын максаты – социалдык жүрүм-турумдун өзгөрүшү боюнча кампанияларды өткөрүү үчүн тандалган мекемелер тарабынан колдонулган стратегияларды алуу болуп саналат.

7) **Насаатчылык.** Өнөктөштүктүн бул этабында Программа мыкты натыйжаларга жетүү үчүн стратегияны ыңгайлаштыруу мүмкүнчүлүгү менен CSBC кампанияларын ишке ашыруунун жүрүшүндө насаатчылыкты жүргүзө турган эксперттерди тартат.

8) **Натыйжаларга мониторинг жүргүзүү.** Программа жүрүм-турумду өзгөртүү боюнча ар бир кампаниянын натыйжаларына методологияны иштеп чыгууда жана мониторинг жүргүзүүдө тандалган мекемелерге колдоо көрсөтөт.

9) **Туруктуулук.** Программа тандалып алынган мекемелерге, CSBC боюнча өзүнүн ишинде туруктуулукка жетүүгө мүмкүндүк бере турган системаны иштеп чыгууга колдоо көрсөтөт.

## КҮТҮЛҮҮЧҮ САЛЫМ ЖАНА НАТЫЙЖАЛАР

Өнөктөштүктүн алкагында тандалган мекемелер салым кошоору жана натыйжаларга жетүүсү күтүлүүдө.

a) Тандалган мекемелер каржылык, адамдык же башка ар кандай ресурстар түрүндө өзүнүн салымын кошуусу күтүлүүдө. Салым ар бир тараптын мүмкүнчүлүктөрүнө жараша ар бир мекеме менен жекече аныкталат.

b) Өткөрүлгөн CSBC кампаниялар, 12 % дан кем эмес камтылган максаттуу аудиториянын жүрүм-турумун өзгөртүүсү болжолдонууда. Бул үчүн мониторинг системасы колдонулат.

## КИМДЕР ӨТҮНМӨ БЕРЕ АЛАТ?

a) Кыргыз Республикасында катталган бардык юридикалык жактар өнөктөштүккө өтүнмө берүү жол-жобосуна катышууга укуктуу, бирок тандоодо төмөнкүлөргө артыкчылык берилет:
   - Коомдук фонддорго
   - Академиянын өкүлдөрүнө (билим берүү секторуна)
   - Коммерциялык эмес иш-чараларга
   - Жеке секторго жана/же ассоциацияларга
   - Медиа агенттиктерге

Маанилүү тандоо критерийлери:

a) «Жашыл» экономиканы терең түшүнүү
b) CSBCге жетүү үчүн тажрыйба, каалоо жана потенциал
c) Мекеменин 1 жылдан кем эмес иштеши
d) Персоналды башкаруунун инклюзивдүү системасы
e) Өлкөнүн аймактарында иштөө мүмкүнчүлүгү

Бул документ Кыргыз Республикасындагы «жашыл» экономиканын элементтери менен байланышкан ар кандай жаатта иштеген мекемелер үчүн сунуштарды берүү болуп саналат. Төмөнкү таблицаны толтуруңуз жана төмөнкү көрсөтмөлөргө ылайык керектүү документтерди бериңиз:

## ӨТҮНМӨ

| № | Керектүү маалымат | Толтуруу үчүн таблица |
|---|---|---|
| 1 | Мекеменин аталышы | Юридикалык жана колдонулган аталыштар |
| 2 | Мекеменин портфолиосу | Өзүңүздүн негизги ишмердик чөйрөңүздү кыскача сүрөттөп бериңиз. Эгер бар болсо, портфолиоңуздун өтүнмөсүнө тиркеңиз ( веб-сайтты, социалдык түйүндөрдөгү баракчаңызды, кыскача баяндама, флаер). |
| 3 | Мекемеңиздин юридикалык статусу | Мекеменин аталышын көрсөтүңүз жана юридикалык статустун көчүрмөсүн өтүнмөгө тиркеңиз. |
| 4 | Мекеменин иш чөйрөсү | Мекемеңиздин негизги ишмердигин сүрөттөп бериңиз |
| 5 | Мекемеңиздин тийиштүү тажрыйбасы | Сиздин мекемеңиз социалдык жүрүм-турумду өзгөртүү, маалымдуулукту жогорулатуу же башка тиешелүү тармактарда канчалык деңгээлде тажрыйбага ээ? |

| | | |
|---|---|---|
| | | Максаттуу аудиторияңыз кимдер? Аудиторияңыздын камтылган масштабын көрсөтүңүз.<br><br>Сиздин медиа кампанияңыз же башка иш-чараларыңыз канчалык деңгээлде «жашыл» экономикага байланыштуу жүрүм-турумду өзгөртүүгө багытталган?<br><br>Эгер ошондой болсо, аны 500гө чейинки сөз менен сүрөттөп бериңиз. Бардык жеткиликтүү булактарды келтириңиз. |
| **6** | Кызматкерлердин саны жана алар жөнүндө маалымат | Кызматкерлердин жалпы санын жана функцияларын кыскача баяндоо менен тиешелүү кызмат орундарынын аталыштарын көрсөтүңүз. Жеке маалыматты көрсөтпөстөн, бүт мекеменин жынысы жана жаш курагы боюнча маалымат бериңиз. |
| **7** | Техникалык аудит | Сиздин мекемеңиз үчүн техникалык аудит өткөрүү туура келеби?<br><br>Терс таасир этсе, анда түшүндүрүңүз. |
| **8** | CBSC концепциясы | Өзүңүздүн билим жаатында социалдык жүрүм-турумдун өзгөрүшүн бекемдөө же киргизүү боюнча көз карашыңызды 500 сөзгө чейинки көлөмдө баяндап бериңиз. |
| **9** | Колдоо | Бир календардык жыл аралыгындагы социалдык жүрүм-турумду өзгөртүү боюнча иш-чараларды өткөрүү үчүн Программадан кандай колдоону жана көлөмдү күтөсүз?<br><br>Аны 500гө чейин сөз менен баяндап бериңиз. |
| **10** | Салым | Сиздин мекемеңиз бир календардык жыл ичинде социалдык жүрүм-турумду өзгөртүүгө кандай салым кошо алат?<br>Аны 500гө чейин сөз менен баяндап бериңиз. |

Эскертүү:

- Бул өтүнмө GIZ тарабынан ишке ашырылып жаткан CSBC Программасынын иш-чараларынын алкагында мекемелерди тандоо максатында гана колдонулат. Талапкерлер тарабынан берилген маалымат тандоо комиссиясы менен гана бөлүшүлөт жана компаниянын маалыматтарды коргоо эрежелерине ылайык сакталат. Документтерди тапшыруу менен талапкер тандоо процессине кызыгуусун көрсөтөт жана маалыматтарды иштеп чыгуу укугун берет.

- Талапкерлер жогорудагы өтүнмө таблицаларындагы бардык пункттарды толтурушу керек, бирок документтер, медиа продуктылар же кошумча маалымат түрүндө

өтүнмөнү толуктоо үчүн кандайдыр бир кошумча маалыматты берүү менен чектелбейт.

## ТАНДОО КРИТЕРИЙЛЕРИ

| № | Аталышы | Жалпы упайдын пайызы |
|---|---|---|
| 1 | Өтүнмө | |
| 1.1 | **Мекеменин портфолиосу.** Мекеме же анын кызматкерлери рынокто жетиштүү убакыт иштешет жана ишенимдүү компания катары сунушталат. | 10 % |
| 1.2 | **Мекеменин юридикалык статусу.** Мекеме Кыргыз Республикасында мыйзамдуу катталган жана коммерциялык жана/же коммерциялык эмес негизде иштей алат. | Ооба / Жок (жок - тандоодон баш тартуунун критерийи болуп саналат) |
| 1.3 | **Мекеменин компетенция чөйрөсү.** Мекеменин иши «жашыл» экономиканын элементтери менен байланышкан жана CSBSга салым кошо алат. | 10 % |
| 1.4 | **Мекеменин тийиштүү иш тажрыйбасы.** Мекеме жүрүм-турумду өзгөртүү жаатына кандайдыр бир байланыштыгы бар жана бул жаатта иш жүргүзгөн. | 5 % |
| 1.5 | **Кызматкерлердин саны жана алар тууралуу маалыматтар.** Мекемеде жетиштүү мезгилден бери иштеген негизги кызматкерлер бар. Мекемеде гендердик жана жаш курагы боюнча теңчилик сакталат. | 5 % |
| 1.6 | **Техникалык аудит.** Мекеме Программа тарабынан берилген тышкы консультанттын жардамы менен техникалык аудиттен өтүүгө жөндөмдүү жана даярдыгы бар. | 5 % |
| 1.7 | **Концепция.** Мекеменин «жашыл» экономиканын элементтеринде алдын ала максаттары жана ыкмалары менен CSBCти киргизүү боюнча аныкталган концепциясы бар. | 30 % |
| 1.8 | **Колдоо.** Мекемеде күтүлүп жаткан колдоо жана эсептөөлөр боюнча алдын ала планы бар. | 10 % |
| 1.9 | **Салым.** Мекеме салым кошуу мүмкүнчүлүгүнө ээ жана салымдын түрү аныкталган. | 5 % |
| 1.10 | **Маектешүү.** Тандалган мекемелер маектешүүгө чакырылат. | 20 % |

*Эскертүү:*

*Бул өтүнмөгө тиешелүү бардык суроолор боюнча «Кыргыз Республикасындагы жашыл экономика жана жеке секторду туруктуу өнүктүрүү» программасынын коммуникациялар жана маалыматтык кампаниялар боюнча кеңешчиси Эрлан Амираевге erlan.amiraev@giz.de электрондук почтасы аркылуу кайрылыңыз.*